## II. Мектептин ишин уюштуруу.

**2.1.** Мектеп юридикалык жак катары уставы, эсептөө жана башка счеттору, мамлекеттик жана (же) расмий тилдеринде почталык дареги жазылган мөөрү, бурч мөөрү (штампы) жана бланктары, бекитилип берилген мүлкү бар уюм болот.

**2.2.** Мектеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип боюча мамлекеттик аттестациядан (аккредитациядан) өтөт.

**2.3.** Мектеп уюштуруучунун же ал ыйгарым укук берген органдын макулдугу боюнча юридикалык жак же филиал статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүн түзүп, аларды өз алдынча мүлк менен камсыздайт. Түзүмдүк бөлүмдөр өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүн ачууга укуксуз. Юридикалык жак же филиал статусун алган түзүмдүк бөлүмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтүшөт.

Мектептин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде өткөрүлөт.

Берилген ишеним каттын негизинде иш алып барган түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин дайындалышы мектептин уставына ылайык жүргүзүлөт.

**2.4.** Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана келишимдин негизинде кесиптик уюмдарын жана бирикмелерин (педагогикалык ассоциацияларды, союздарды, окутуу-усулдук бирикмелерди ж.б. кеңештерди жана уюмдарды) түзүүгө жана (же) алардын иштерине катышууга укуктуу.

**2.5.** Мектеп билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого жоопкерчилик тартат.

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында жалпы билим берүү уюмдарында ички колдонуу үчүн гана жүргүзүлөт.

Кызматтык абалына байланыштуу жеке маалыматтарга ээ болгон жалпы билим берүү уюмдарынын кызматкерлери билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого жоопкерчилик тартышат.

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзамдарга ылайык ишке ашырылат.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык)*

**2.6.** Окуучулардын акысыз медициналык тейлөөсүн саламаттыкты сактоо органдары тарабынан атайын медициналык кызматкер жүргүзөт. Мектеп администрациясы менен бирдикте медициналык кызматкер да алдын-ала дарылоо иш-чараларын жүргүзүү, окуучулардын санитардык-тазалык ченемдери, тамактануусунун сапаты жана режими боюнча жооп тартат.

Медициналык кызматкердин иш жүргүзүшү үчүн мектепте атайын бөлмө каралат. Ошондой эле медициналык кызматкердин билдирүүсү боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы алдын ала дарылоо каражаттары менен камсыздайт.

**2.7.** Мектепте окуучулардын тамактануусу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**2.8.** Мектепте класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана санитардык-тазалык эрежелери менен класстардын толукталышынын чектүү ченемдердин негизинде жалпы билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.

**2.9.** Мектептин класс-комплектисинин толукталышынын чектүү ченемин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

**2.10.** Мектеп окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) сураныччтары боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде акы төлөнүүчү узартылган топторду ачууга укуктуу.